УДК: 81:81'1 Мурзалиева А.Ш.
*БатМУ*

# САПАТТЫК СЫН АТООЧ ЖАНА АНЫН СЕМАНТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ

*Макалада сапаттык сын атоочтордун табияты, тактоочтор менен болгон окшоштугу жана айырмачылыгы, айкашуу өзгөчөлүктөрү, ага жараша семантикасы тууралуу кеп болот.*

Сапаттык сын атоочтор заттардагы табигый белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди түздөн-түз билдирет. Сын атоочторго сөз түркүмү катары тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр, биринчи кезекте, ушул сапаттык сындардын табиятынан табылат, туунду сын атоочторго жана даража формаларынын жасалышына негиз болот (Абдувалиев, Садыков, 1997: 99), сын атоочтун даража категориясынын уюткусун сапаттык сын атоочтор түзөт, даража категориясы анын кепте реализацияланышын шарттайт (Аширбаев, 2001: 30), сапаттык сын атоочтор ар түрдүү интенсивдүүлүк, эмоционалдуулук жана баалоо даражаларында пайда болуп, заттын сапатын, түзүлүшүн, белгилерин, даамын, өңү-түсүн билдирет. Ар түрдүү топтогу заттардын жалпы түзүлүшүн чагылдырган сапаттык сын атоочтор обочолонгон даража катары (зат көрүнүшү жок), кыйынчылык менен табылган жана сүрөттөөгө татаал болгон так эмес мааниге жана колдонуу чөйрөсүнө ээ (Вольф, 1978, 5-7). Алар ар башка коннотативдик байланыш түрлөрүнө жеңил кирип, ар түрдүү жана ар кандай уюшулган семантикалык талааларды түзүшөт. Ошондуктан көпчүлүк изилдөөчүлөр сапаттык сын атоочтун семантикалык көп түрдүүлүгүн жана продуктивдүүлүгүн көрсөтүп, аны изилдөөнүн оордугун белгилешет (Шрамм, 1974).

“Этиштин маанилик түзүлүшү зат атоочтукуна салыштырмалуу кененирээк, сапаттык сын атооч жана тактоочтордун маанилери алардыкынан да ийкемдүү жана ар түрдүү”, - деп жазат В.В.Виноградов (Виноградов, 1977: 166-167). Мына ушул ойдон улам, орус тили илими менен кыргыз тил илиминин ортосундагы айырмачылыкты байкоого болот. Бирок, биздин айрым окумуштууларыбыздын да пикири боюнча, тактооч менен сын атооч бирдей каралат. К. Дыйканов: “Сын атооч заттардын сын-сыпатын, өңү-түсүн, мүнөзүн, сапатын жана заттын өзгөчө белгилерин, <u>кээде</u> <u>кыймыл</u>-<u>аракеттин</u> <u>сапатын</u> да көрсөтүп “Кандай?” деген суроого жооп берип, сүйлөмдө аныктоочтук жана <u>баяндоочтук</u> милдетти аткарат” (Дыйканов, 1957: 81). Б. Үмөталиева: “Кээде сапаттык сын атоочтор сүйлөмдө этиштин астында келген учурда, кыймыл-аракетти аныктооч позициясында болот. Ошондуктан кыймыл-аракеттин тактооч-бышыктоочтук функцияны аткарып калат. Мисалы: Ат жакшы чуркады.” (Үмөталиева Б. 1965: 114). С.Давлетов, С.Кудайбергеновдордун оюу боюнча да: “Сын атоочтор кээде этиштер менен айкашып, бышыктооч да болот” (Давлетов, Кудайбергенов, 1980: 91). А.Оморов, Н.Осмоновалар: “Сын атооч – зат, буюм, нерселердин, кубулуш, көрүнүштөрдүн, ар кандай заттык түшүнүктөрдүн сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, кебетесин, көлөмүн, ченин же башка белгилерин көрсөтүп, Кандай? Кайсы? деген суроолорго жооп берет” (Оморов, Осмонова, 2004: 176) деген оюн айтуу менен бирге, тактоочторго төмөнкүдөй аныктама беришкен: “Тактоочтор табияты боюнча сын атоочторго окшоп, толук болбосо да даража категориясы менен өзгөрөт, көбүнчө кыймыл-аракет менен байланышып, анын ар кандай кырдаалын (ордун, сыпатын, өлчөмүн, мезгилин) көрсөтөт. Аз да болсо зат атооч сөздөр менен байланыш түзөт (көбүнчө сан-өлчөм тактоочтор), мисалы: мол түшүм, аз суу,”– деп, мисалдар менен пикирлерин далилдешкен (Оморов, Осмонова, 2004: 183). Биз алардын бул пикирин колдобойбуз, анткени тактооч менен сын атоочтун

ортосундагы айырма чоң, алсак, тактоочтор кыймыл-аракеттин ал-абалын билдирип, сүйлөмдө сын-сыпат бышыктоочтун милдетин аткарат. Ал эми сын атоочтор, жогоруда белгилегендей, заттын сын-сыпатын билдирет. Мисалы: *Жакшы ат жакшы чуркайт.* Биз сүйлөмдү талдап жатканыбызда, биринчи кезекте анын контекстине маани берүүбүз абзел. Арийне, ***жакшы*** деген сөз Кандай? деген суроого жооп берет, ошол эле учурда тактооч сөз түркүмүнө дагы Кандай? деген суроо берилерин эстен чыгарбоо зарыл.

Ар түрдүү заттардын сын-сыпатын чагылдырган сапаттык сын атоочтор универсалдуу мааниге ээ, башка сөздөр менен биригүүдө активдүү жана өзүнүн түзүлүшүндө эмоционалдык-баалоо элементтерине ээ болот. Е.М.Вольф: “Сын атоочтор лексикалык бирдиктердин маанисинде, ошондой эле колдонууда чагылдырылган тилдин семантикалык жана прагматикалык аспектилерин өзүнө камтыйт, сын атоочко сөздөрдүн классы катары субңективдүү-баалоо жана ылайыктуу коннотациялар мүнөздүү... Сын атоочтун семантикасында айтып билдирүүнүн семантикалык жана прагматикалык планы өз ара байланышта болот... Эгерде башка сөз түркүмдөрүндө семантикалык жана прагматикалык аспектилер эрежеге ылайык бөлүнгөн жана алардын өз ара байланышы айтып билдирүүдө ишке ашса, сын атоочтордо (өзгөчө, сапаттык сын атоочтордо) бул эки аспектинин өз ара мамилеси алардын маанисинде байкалат” (Вольф, 1947: 8). Маселен,

- Эгер Маралды *жакшы* көрсөңүз, аны алып калыңыз,- деп улады Алийма, - Менимче, *жакшы* көрөсүз. Марал чынында да *жакшы* көрө турган кыз. Ар кандай жигитке *жакшы* аял болуп берет. (М.Гапаров, “Кызыл беде”).

- Болуптур эмесе, Марал, *жакшы* бар, - деди Алийма.

- *Жакшы* калың, - деди Марал (М.Гапаров, “Кызыл беде”).

- Кекиликтики. Басып жаткан мекиянга бир кырсык тийген окшойт, үч күндөн бери уясына жолобойт. Жумурткалар айып болбосун деп койнума салып алдым.

- *Жакшы* кылыпсыз. Канчоо экен? (М.Гапаров, “Дарыянын шоокуму”).

- Разия – айкөл кыз эле, кереметтүү актриса болуучу. *Жакшы* өлсө, жаның кейийт экен (М.Гапаров, “Разияны эскерүү”).

Сапаттык сын атоочтордун коннотативдик мазмунунун тереңдиги алардын көркөм чыгарма тексттеринде кеңири жана ар түрдүү колдонулушуна шарт түзөт. Бул чөйрөдө көпчүлүк сапаттык сын атоочтор өзүнүн потенциалдык эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн жаңыртат деп айтууга мүмкүн.

Бирок сапаттык сын атоочтордун эстетикалык маанилерин ишке ашыруу шарттарын башка лексика-грамматикалык разряд менен салыштырсак, системалаштырууга баш ийбеген аморфналар жаралат. Бул сапаттык сын атоочтордун табияты менен шартталат. Катыштык сын атоочтор сыяктуу сапаттык сын атоочтор билдирген сын-сыпат бир же бир нече заттардын энчиси эмес “заттык белгинин” жоктугун белгилейт. Сапаттык сын атоочтор айкашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Алардын эркин айкашуусунун ар бири бир гана сын атоочтун негизин көрсөткөн сын-сыпатты билдирет. Сапаттык сын атоочтун семантикалык көлөмүндө маанилик аралашуу жеңил, тексттеги тилдик маанинин актуалдашуусу индивидуалдык-автордук ассоциациядан көз каранды. Контексттин тиби жаңы маанини кабыл алуучунун субңективдүү тажрыйбасы, изилдөөчүнүн автордук ойду интуитивдүү жаратуу шыгына карата болот. Сапаттык сын атоочтордун эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн ишке ашуу жана пайда болуу шарттары азыркыга чейин атайын каралуучу предмет болгон эмес. Бирок бул көрүнүштүн өзүнчө бөлүктөрү изилденген. Көркөм текстте сапаттык

сын атоочтордун эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн ишке ашуусунун төмөнкү өзгөчөлүктөрүн байкоого болот:

1. Лингвисттер сапаттык сын атоочторду метафоралык колдонууда маанисинин мобилдүүлүгүн белгилешет. Көркөм текстте эстетикалык функцияны аткарууда сөздүн маанилик структурасында компоненттердин кайра бөлүштүрүлүшү жүрөт, потенциалдык схема – эстетикалык алып жүрүүчүлөр – дифференцияланууучу рангга чыгарылат (Фадеева, 1978: 9). Жаңы эстетикалык маани эскилердин базасында же жаңы сөздөрдүн эскилер менен кагылышуусунда, алар менен бир мааниге келүү, алардын мындан ары маанилик дифференцияланышына, эски сөздөрдүн маанисинин өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн.

2. Сапаттык сын атоочту изилдөө – метафоралар, метафоралык сөз айкашы компоненти сыяктуу сөздүн семантикасы эмес, сөз айкашынын семантикасы менен байланыштуу. Сапаттык сын атоочтордун сөз айкашуу жөндөмдүүлүгү өтө кеңири жана эркин, ал бул сөздөр тобунда лексика-грамматикалык эстетикалык маани булагы болуп калат. Бул жөнүндө А.Абдыкеримова: “Метафоралуулук, негизинен, сөз айкашынын бир гана компонентинин метафоралык мүнөзгө ээ болушунан келип чыгат,”- деп белгилейт (Абдыкеримова, 2008: 115.).

3. Эстетикалык маанидеги сапаттык сын атоочтордун маанилик түзүлүшүн изилдөөдө контекст чоң ролду ойнойт. “Поэтикалык текстте маанинин семага түшүүсү байкалат жана контексттин таасири астында трансформацияланышы көрүнөт”, – деп жазат Левин (Левин, 1966: 213). Мындай транформациялануу сөздөрдүн өз ара аракеттешүүсүнөн, мазмунунан жана айтып билдирүүдөн келип чыгат. Изилдөөчүлөр белгилегендей, көп маанилүү сын атоочтун мааниси, эгер аныкталуучу зат атооч анык жана конкреттүү болсо, бинардуу сөз айкалышында ачылат. Зат атоочтун мүнөзү канчалык так эмес болсо, сапаттык сын атоочтун белгилери да мазмуну боюнча ошончолук абстрактуу боло баштайт. Бинардуу сөз айкашуу ассоциациялардын көп түрдүүлүгүн ачууда жетишсиз, сын атоочтун мазмунунда орун алган. Бул үчүн кеңири лексикалык чөйрөнү, экстралингвистикалык факторлорду эске алуу кажет.

4. Семантикалык көп пландуулук сапаттык сын атоочторду түзүү тенденциясынын чагылышы, И. С. Куликованын ою боюнча, “ар типтүү маанилердин чатышкан желеси” (Куликова, 1965: 128). Бул лексика-грамматикалык разряддын сөздөрүнүн семантикалык өзгөрүшүнүн иерархиялык системасын изилдөөнү жана түзүүнү татаалдаштырат. Сапаттык сын атоочтордун маанилик өзгөрүшүнүн эстетикалык багыты (башка разряддарга салыштырмалуу өтө көп даражада) сапаттык сын атоочтордун курамына кирген тематикалык жана лексика-семантикалык топтордон көз каранды болот.

5. Лингвисттер сапаттык сын атоочтордун башка сөздөр менен параллелдүү же контрасттуу контекстуалдуу мамилеге кирүү жөндөмдүүлүгүн белгилешет (Суранчиева 1971, Мамытов 1990, Аширбаев 2000, Оморов 2002, Жунусов 2006), башкача айтканда, эстетикалык маанини ишке ашырууда контекстуалдуу синоним жана антонимдерди түзүшөт.

6. Сапаттык сын атоочтун эстетикалык негизи алардын парадигматикалык, синтагматикалык жана деривациалык өзгөчөлүктөрүнүн өзгөрүшүндө байкалат. “Сын атооч тарабынан белгиленген сапаттык сын ар түрдүү байланыштарда толукталып жана такталышы мүмкүн, ал сын атоочторго көз каранды сөздөр катары кошулган ар түрдүү сөз түркүмдөрү кошулушу мүмкүн,” – деп жазат Прокопович (Прокопович, 1966: 190) .

7. Изилдөөчүлөр, өзгөчө, жазуучулардын сөздү колдонуусун сапаттык сын атоочтордун эстетикалык мааниси менен функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн,

алардын стилистикалык активдүүлүгүнүн ар түрдүүлүгүн белгилешет (Аширбаев 2004, Саматов 2003). Сөздөрдүн маанилик жаңылыгы жана функциялары, маанисинин көп түрдүүлүгү анын стилистикалык мүнөзүнө багытталат жана топтолот. Стилистикалык баалоодо сөздөрдүн маанисинин жаңы чөйрөсү пайда болуп, алардын индивидуалдуу паспортуна байланыштуу болот.

Сапаттык сын атоочтордун эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу шарттарын изилдөөдө эки аспект маанилүү деп каралат: көркөм чыгарма текстинде сапаттык сын атоочтордун эстетикалык мааниде метафоралык маанисинин трансформацияланышынын типтерин кароо жана бир тематикалык топто сапаттык сын атоочтордун семантикалык жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо зарыл.

**Адабияттар:**


1. Абдыкеримова А. Э. Лингвистикалык поэтика. -Каракол: ЫМУ, 2008.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 3-китеп. -Бишкек: Педагогика, 2001.
3. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 4-китеп. -Бишкек, 2004.
4. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. -Б.: 1997.
5. Вольф Е. М. Грамматика и семантика прилагательных. На материале иберо-романских языков. -М., 1978.
6. Виноградов В. В. Типы лексических значений слов - В кн.: Избранные труды. Лексикология и лексикография. -М.: 1977.
7. Куликова И. С. К проблеме лексической сочетаемости. //Учен. зап. ЛГПИ им. Герцена, 1965.
8. Виноградов В. В. Имя прилагательное. - В кн.: Современный русский язык. Морфология. -М., 1952.
9. Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тили. -Ф.: Мектеп, 1990.
10. Оморов А., Осмонова Н. Лингвистикалык терминдердин сөздүгү. –Жалал-Абад, 2004.
11. Оморов А. Жолон Мамытовдун ырларынын поэтикасынын айрым маселелери: сөз маанилери, троптун түрлөрү, фоностилистикалык каражаттар жана ыр түзүлүшү. –Б., 2002.
12. Саматов К. Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү (диахрондук жана синхрондук аспекттер). Фололгия илимдеринин доктору илимий даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. -Б., 2003.
13. Суранчиева Б. Синонимы в киргизском языке: автореф. канд. филол. наук. -Ф., 1971.
14. Үмөталиева Б. Д. Имя прилагательное в современном киргизском языке. -Ф.: Мектеп, 1965.
15. Шрамм А. Н. Вопросы семантики. -Л., 1974.